| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги
жыйырма төртүнчү сессиясы

# ТОКТОМ

**Мундуз айылы** **№ 24-7** **21-август 2026-жыл**

**Көмүү жайларын брондоонун наркын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамына, Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 22-февралындагы №53 «Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 «Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө» токтомуна ылайык, Кызыл-Туу айыл аймагынын тургундары менен өткөрүлгөн коомдук угуулардын жыйынтыктарын эске алуу менен Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 13-августундагы чыгыш № 01-28/1452 сандуу катынын негизинде Кызыл-Туу айылдык кеңешинин маданият, спорт жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 20-августундагы №13 протоколун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXIV сессиясы токтом кылат:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Н.Садыковдун берген маалыматы эске алынсын.
2. Кызыл-Туу айыл өкмөтүндө көмүү жайларынын брондоонун кошумча кызматтарынын коэффициенти 27500 сом өлчөмүндө түзүлгөн эсептик таблицасы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Кызыл-Туу айыл өкмөтүндө көмүү жайларынын брондоонун кошумча кызматтары боюнча "Кызыл-Туу кызмат" муниципалдык ишканасы менен түзүлгөн келишимдин үлгүсү №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Абдурашидовго милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызыл-Туу айылдык кеңешинин маданият, спорт жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
6. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**